| 27.06. - 31.07.2016 | Чет өлкөлүк түрктөр жана бир тууган элдер башкармалыгы | Жайкы окуу курсу | Университеттин 25 студентинин ТРсынын Сакарья областында 25 студенттин семинар жана илимий-практикалык иш-чаралары менен | Теология факультети |


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Стамбул, Бурса, Конья жана Эдирне областтарында уюштурула турган маданий экскурсияларды көзөмөлдөө иш-чаралары | |
| 27.06. - 31.07.2016 | Евразиялык илим жана маданият фонду | Жайкы окуу курсу | ТРсынын Сакарья областында 25 студенттин семинар жана илимий-практикалык иш-чаралары менен Стамбул, Бурса, Конья жана Эдирне областтарында уюштурула турган маданий экскурсияларды көзөмөлдөө иш-чаралары | Теология факультети |
| 2015-2016 | Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругу | Илимий жана технологиялык кызматташтык тууралуу келишим | Кызматташтык жана студенттер үчүн стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүгүн түзүү | Биология бөлүмү |
| 2015-2016 | КРнын Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүму жаңгак өстүрүү институту | Илимий жана технологиялык кызматташтык тууралуу келишим | Кызматташтык жана студенттер үчүн стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүгүн түзүү | Биология бөлүму |
| 2015-2016 | Кыргыз улуттук репродукция борбору | Илимий жана технологиялык кызматташтык тууралуу келишим | Кызматташтык жана студенттер үчүн стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүгүн түзүү | Биология бөлүму |
| 2014-2015 жж. ортосунда | Google'да кыргыз тили | Сунуштарды топтоо | Google Translate кызматына кыргыз тилин кошуу | Компьютердик инженерия бөлүму |
| ноябрь 2015 | 2016-жылдагы студенттер аралык Дүйнөлүк олимпиадалар | Билим берүү | Кыргызстан боюнча үчүнчү орун | Компьютердик инженерия бөлүму |
| 2014-2015 жж. ортосунда | Workstation. КРнын Өкмөтү | Жардам көрсөтүү | Жүзөгө ашыруу этабында | Компьютердик инженерия бөлүму |
| 2015-2016 | КРнын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Кыргызгидрометеорология агенттиги | Студенттер үчүн кыска мөөнөттүү экскурсия жана стажировка | Диссертациялык иштер боюнча маалымат булактарын чогултуу | Экологиялык инженерия бөлүму |
| 2015-2016 | КРнын Өкмөтүнө караштуу Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттик | Студенттер үчүн кыска мөөнөттүү экскурсия жана стажировка | Диссертациялык иштер боюнча маалымат булактарын чогултуу | Экологиялык инженерия бөлүму |
| 2015-2016 | КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Геология жана минералдык ресурстар боюнча мамлекеттик агенттик | Студенттер үчүн кыска мөөнөттүү экскурсия жана стажировка | Диссертациялык иштер боюнча маалымат булактарын чогултуу | Экологиялык инженерия бөлүму |
| 2015-2016 | Бишкек шаарынын мэриясы, Санитардык-экологиялык инспекция | Студенттер үчүн кыска мөөнөттүү экскурсия жана стажировка | Диссертациялык иштер боюнча маалымат булактарын чогултуу | Экологиялык инженерия бөлүму |
| 2015-2016 | КРнын Улуттук илимдер академиясы, ботаникалык бакча | Студенттер үчүн кыска мөөнөттүү экскурсия жана стажировка | Диссертациялык иштер боюнча маалымат булактарын чогултуу | Экологиялык инженерия бөлүму |
| 8-12.09.2016 | Кюсю атындагы технология институту, Китакюсю/ Япония | 3rd Int. Conf. on Power and Energy Systems Engineering (CPESE 2016) | Member of the International Technical Committee | Химиялык инженерия |
| 15/10/2015 – 15/11/2015 | Гайзенхайм университети (Германия) | Бирдиктүү илимий изилдөө иштерин | Молекулярдык-биологиялык ыкмаларды колдонуу менен | Өсүмдүктөрдү коргоо бөлүму |


Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жүргүзүү | жергиликтүү *Baclillus thuringiensis штаммдарынын* 16S ribosomal RNA гендеринин ПЦР-анализи, амплификациясы жана алардын Sry гендеринин анализи жасалган. | |
| 29.01.2016-10.06.2016 | Агроландшафтты жана жерди пайдаланууну изилдөө борбору, ЦАЛФ, г. Мюхенберг/ Германия, | Саат боюнча эмгек акысы төлөнгөн ПОК мүчөсү жана илимий изилдөө | Проф., док. Рольф Отто Кухенбух университеттин өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмүнүн студенттерине "өсүмдүктөрдү азыктандыруу жана топуракты анализдөө" боюнча сабактарды өткөрдү. | Өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү |
| 13.06.2016-24/06/2016 | Абердин университети (UK) | Кыргызстанда биринчи жолу "Өсүмдүктөрдүн ооруларын аныктоо жана дарылоо" боюнча семинарды уюштуруу | Проф., док. Эрик Боа тарабынан Чуй жана Ош областтарынын дыйкандарына "өсүмдүктөрдүн ооруларын аныктоо жана дарылоо" боюнча семинар өткөрүлдү. | Өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү |
| | "Агролид" коомдук бирикмеси, эл аралык Хельветас уюму, "Айыл чарба иштери боюнча консультативдик кызмат", "Агроплатформа" компаниясы | Кеңеш берүү | Кыргызстандын дыйкандары жана айыл чарба тармагындагы адистерге илимий-практикалык кеңеш берүү | Айыл чарба факультети |
| 2010 - | "Чыгыш Европа менен айыл чарба жана экологиялык тең салмактуулук" (LOGO) | Кызматташтык | Ушул келишимдин алкагында 3-курстун студенттери LOGO программасынын негиздери боюнча өткөрүлгөн сынакты тапшырышып, Германияда 6 айлык стажировкадан өтүп келишти. | Айыл чарба факультети |
| 2012- | Кыргыз-Түрк "Манас" университети менен ТРнын Үрөн өндүрүүчүлөрүнүн союзу (TSÜAB) ортосундагы кызматташтык тууралуу келишим | Кызматташтык тууралуу келишим | Ушул келишимдин алкагында 3-курстун 2 студенти 30 күндүк стажировкадан өтүшөт. | Айыл чарба факультети |
| 2015- | Кыргыз-Түрк "Манас" университети менен ТРнын Үрөн өндүрүүчүлөрүнүн союзу (TSÜAB) ортосундагы кызматташтык тууралуу келишим | Кызматташтык тууралуу келишим | Ушул келишимдин алкагында 3-курстун 2 студенти 30 күндүк стажировкадан өтүшөт. | Айыл чарба факультети |
| | Айыл чарба факультети менен ‘"MİS" ачык акционердик коом ортосунда билим берүү жана илим жаатындагы кызматташтык тууралуу келишим түзүлдү. | Кызматташтык тууралуу келишим | Проф. Мира Жунусова тарабынан "Буудайдын КТМУ аттуу жаңы түрүн өнүктүрүү" долбоору Кант шаарындагы MİS илимий изилдөө станциясы менен жүзөгө ашууда. | Айыл чарба факультети |
| 2015-2016 | «Жашоо укугу» кайрымдуулук фонду | Жаныбарлардын саламаттыгы | 195 иттерди бычуу иштери жасалган. | Ветеринардык факультет |
| 24.05.2016 | «Жашоо укугу» кайрымдуулук фонду | Жаныбарлардын саламаттыгы | "Бишкек шаарынын тегерегиндеги иттердин жыныстык ооруларын гинекологиялык жана патологиялык жактан изилдөө" аттуу долбоор баштатылган. | Ветеринардык факультет |
| 01.12.2015 | Чуй областынын Ветеринария жана фитосанитария мамлекеттик инспекциясы | Келишим | Чуй областынын Ветеринария жана фитосанитария мамлекеттик инспекциясы | Ветеринардык факультет |


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | менен ветеринардык факультет ортосунда ветеринардык врачтарга квалификацияны жогорулатуу курсун өткөрүү үчүн кызматташтык тууралуу келишим түзүлдү. | |
| 2015-2016 | Чүй областынын Ветеринария жана фитосанитария мамлекеттик инспекциясы | Квалификацияны жогорулатуу | 01.03.2016-09.04.2016 күндөрү үч топ болуп 24 ветеринардык врачка 3 күндүк квалификацияны жогорулатуу курсу өткөрүлдү. | Ветеринардык факультет |
| 2015-2016 | Чүй областынын Ветеринария жана фитосанитария мамлекеттик инспекциясы | Квалификацияны жогорулатуу | 01.03.2016-09.04.2016 күндөрү үч топ болуп 24 ветеринардык врачка 3 күндүк квалификацияны жогорулатуу курсу өткөрүлдү. | Ветеринардык факультет |
| 25.02. 2016 | Чүй областынын Ветеринария жана фитосанитария мамлекеттик инспекциясы | Workshop | "Жаныбарлардан өндүрүлгөн азык-түлүктөрдү анализдөө ыкмалары" аттуу семинар өткөрүлдү. Университеттин Ч. Айматов атындагы кампусунда өткөрүлгөн теориялык сабактарга кошумча катары факультеттин лабораторияларында лабораториялык изилдөөлөр жүргүзүлдү. Семинарга Кыргызстандын түрдүү аймактарындагы лабораторияларда иштеген 32 расмий ветеринар катышкан. | Ветеринардык факультет |
| 12.04. 2016 | Чүй областынын Ветеринария жана фитосанитария мамлекеттик инспекциясы | Workshop | "Ири мүйүздүү малдын туяк ооруларын заманбап дарылоо ыкмалары" аттуу семинар өткөрүлдү. Дүйнөдөгү жана Кыргызстандагы үйларга тиешелүү маанилүү маселелердин арасында орун алган туяк ооруларынын пайда болуу себептерин аныктоодо, диагноз коюуда, дарылоодо, алдын алууда жана жаныбарлардын саламаттыгына тийгизген таасирлерин аныктоодо колдонулган заманбап ыкмалар" жөнүндө семинарга Кыргызстандын Чүй областында жаныбарлардын саламаттыгы жаатында кызмат кылган 25 ветеринардык врач катышышты. | Ветеринардык факультет |
| 2015-2016 | КРнын Мамлекеттик жаза аткаруу кызматы | Келишим | КРсынын Мамлекеттик жаза аткаруу кызматы менен ветеринардык факультет ортосунда ветеринардык врач жана кинологдорго квалификацияны жогорулатуу курсун өткөрүү үчүн кызматташтык тууралуу келишим түзүлдү. | Ветеринардык факультет |
| 2015-2016 | КРнын Мамлекеттик жаза аткаруу кызматы | Квалификацияны жогорулатуу | Мекеменин ветеринардык врачына 1 жумалык квалификацияны жогорулатуу | Ветеринардык факультет |


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | курсу өткөрүлдү. | |
| 13-17 Haziran 2016 | КРнын Мамлекеттик жаза аткаруу кызматы | Квалификацияны жогорулатуу | Кинологдорго "Өзгөчө кырдаалдарда кызматтык иттердин оперативдүү жоош кайтаруусу" аттуу семинарды өткөрүү үчүн пландаштыруу, жазышууларды жүргүзүү жана даярдык көрүү иш-чаралары жүргүзүлдү. | Ветеринардык факультет |
| 2015-2016 | Анкара университетинин ветеринардык факультети | Студенттик алмашуу программасы | "Мевляна" студенттик алмашуу программасы боюнча 1 студент жазгы семестрде Анкара университетине жиберилген. | Ветеринардык факультет |
| 24.05.2016 | Бишкектеги өспүрүмдөрдүн ат спорту боюнча мектеби | Долбоор | "Бишкек шаарынын тегерегиндеги күлүк аттардын жарышка чейинки жана жарыштан кийинки гематологиялык, биохимиялык анализдери, АНАЭ ( Альфа, Нофтин, Ацетат, Эстераза) көрсөткүчтөрү жана мурун эксфолиациясын салыштыруу" аттуу долбоор баштатылган. | Ветеринардык факультет |
| 2015-2016 | Улудаг университетинин Айыл чарба факультети | Долбоор | "Кыргызстанда өстүрүлгөн кой түрлөрүнүн көбөйүү өзгөчөлүктөрү боюнча таасирдүү ген бөлүктөрүнүн изилденүүсү" аттуу долбоор баштатылган. | Ветеринардык факультет |
| 2015-2016 | Улудаг университетинин Ветеринардык факультети | Стажировка | 4-курстун студенттеринин 2015-2016-жылдын жай мезгилинде стажировкадан өтүшү үчүн тийиштүү мекемелер менен кызматташтык түзүлүп, жүзөгө ашырылган. | Ветеринардык факультет |
| 2015-2016 | Стамбул университетинин Ветеринардык факультети | Стажировка | 4-курстун студенттеринин 2015-2016-жылдын жай мезгилинде стажировкадан өтүшү үчүн тийиштүү мекемелер менен кызматташтык түзүлүп, жүзөгө ашырылган. | Ветеринардык факультет |
| 2.09.2015 | Консалтингдик агенттик «М-вектор». USAID долбоору. | Дестинацияны башкаруу | Жыйындарда жана талкууларда дестинацияны башкаруу боюнча көз-караштар каралган. | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин жетекчилиги |
| Сентябрь 2015 | Hyatt Regency мейманканасы | Практикалык окуу жана стажировка | Студенттер housekeeping кызматы боюнча практикалык сабактарды өткөрүштү. Студенттер стажировкага жиберилди. | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин жетекчилиги |
| Октябрь 2015 | Golden Tulip мейманканасы | Практикалык окуу жана стажировка | Студенттер стажировкага жиберилди. Мейманкананын жетекчиси менен эки тараптуу жолугуушулар өткөрүлдү. | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин жетекчилиги |
| Ноябрь 2015 | Jashtar Camp | Гид кызматы боюнча окуу курсу | 60 студент гид кызматы боюнча окуу курсуна катышышты. | Туризм жана мейманкана |


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | иштетүү жогорку мектебинин жетекчилиги |
| Декабрь 2015 | Von мейманканалары | Стажировкадан өтүү боюнча келишим | Адам ресурстарын башкаруу бөлүмүнүн мүдүрү менен жолугушуулар өткөрүлдү. Мейманкананын жетекчилиги жогорку мектепке келип, студенттер менен жолугушту. | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин жетекчилиги |
| Декабрь 2015 | Rixos мейманканалары | Стажировкадан өтүү боюнча келишим | Адам ресурстарын башкаруу бөлүмүнүн мүдүрү менен жолугушуулар өткөрүлдү. Мейманкананын жетекчиги жогорку мектепке келип, студенттер менен жолугушту. | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин жетекчилиги |
| декабрь 2015 | Raymar мейманканасы | Стажировкадан өтүү боюнча келишим | Адам ресурстарын башкаруу бөлүмүнүн мүдүрү менен жолугушуулар өткөрүлдү. Мейманкананын жетекчилиги жогорку мектепке келип, студенттер менен жолугушту. | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин жетекчилиги |
| Февраль 2016 | Mardan Palace мейманканасы | Стажировкадан өтүү боюнча келишим | Адам ресурстарын башкаруу бөлүмүнүн мүдүрү менен жолугушуулар өткөрүлдү. Мейманкананын жетекчилиги жогорку мектепке келип, студенттер менен жолугушту. | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин жетекчилиги |
| Июнь 2016 | Orion мейманканасы | Жумуш менен камсыздоо жана стажировкадан өтүү боюнча келишимдер | Мейманкананын жетекчилиги менен жолугушуп, деталдуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин жетекчилиги |
| 18-24.10. 2015 | Түркия Республикасынын Бардыгы үчүн спорт федерациясы | Welness боюнча кесиптик өнүгүү семинары | Кесиптик өнүгүү семинары өткөрүлдү. | Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби |
| 11 -19.12. 2015 | Түркия Республикасынын Бардыгы үчүн спорт федерациясы | II даражадагы Welness боюнча машыктыруучулук курсу | Машыктыруучулук курсу өткөрүлдү. | Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби |
| 16-23.01. 2016 | Түркия Республикасынын Бардыгы үчүн спорт федерациясы | I даражадагы Hemsball боюнча машыктыруучулук курсу | Машыктыруучулук курсу өткөрүлдү. | Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби |
| 27.04-04.05. 2016 | Түркия Республикасынын Бардыгы үчүн спорт федерациясы | Hemsball боюнча кесиптик өнүгүү семинары | Кесиптик өнүгүү семинары өткөрүлдү. | Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби |
| 11-16.07.2016 | Түркия Республикасынын Бардыгы үчүн спорт федерациясы | Welness боюнча кесиптик өнүгүү семинары | Кесиптик өнүгүү семинары өткөрүлдү. | Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби |
| 04.12.2015 | Sunrise жана Starlight мейманканалары | Стажировка | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин 1-курстун бардык студенттери Түркиянын Анталья/ Манавгат шаарларындагы Sunrise жана Starlight мейманканаларына стажировкага жиберилди. | Туризм жана мейманкана иштетүү жогор-ку мектебинин 1-курстун бардык студенттери |


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

# 5. САПАТТЫ БАШКАРУУ жана АНЫ КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ

Университет, "жалпы сапат" түшүнүгүн бийик тутуп, адамдын жеке өзгөчөлүгүнө багытталуу, айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылуу жана социалдык жоопкерчиликти сезүү менен кызмат кылууга негизделген. Эл аралык аренада таанылып, кадыр-барктуу окуу жайга айланган, ички жана сырткы өнөктөштөрү менен дайыма мониторингден өтүп, бааланып, жакшыртылып турган бейпилдик өкүм сүргөн шарттарда:

- Илимий-социалдык тармактарда өндүрүмдүү,
- Атаандашчыл,
- Транспаренттүү,
- Улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктарга ээ болгон жаштарды тарбиялап өстүргөн окуу жай болуу.

Бул багытта университет ТР Жогорку билим берүүдө сапатты камсыздоо боюнча инструкциянын негизинде Кыргыз-Түрк "Манас" университети Сапат боюнча атайын комиссия түзгөн. Ушуну менен катар эле ISO 9001 иш-чараларынын алкагында бардык бөлүмдөрдө Сапат боюнча өкүлдөр шайланган. Мына ушунун негизинде атайын календардык планга ылайык ички текшерүү жана Түрк Стандарттары Институту тарабынан байкоо жүргүзүлүп турат. Сапат түшүнүгүнүн калыптанышы үчүн 2015-жылдын апрель-май айларында 21 профессордук-окуутучулук курам жана административдик кызматкерге Жалпы сапатты башкаруу боюнча семинар өткөрүлдү.

Окуу жайыбыз, билим берүүдө бир марка болуу максатын ишке ашыруу жолунда зарыл болгон тармактарда ачкан жаңы академиялык бөлүмдөр менен ишмердүүлүгүн улантууда. Бул максатта университеттин бардык академиялык бөлүмдөрүндө окуу программаларын иштеп чыгуу жана кайрадан карап чыгуу иш-чаралары аткарылып, студенттин жеке инсандык өзгөчөлүгүнө таянган жана өмүр бою үйрөнүү түшүнүгү менен билим алууда соңку технологиянын мүмкүнчүлүктөрү эффективдүү түрдө колдонулууда.

Студенттерге жана профессордук-окутуучулук курамга интернет аркылуу билимге ыкчам жана оңой жетүү, интерактивдүү жана SMART-класстарда билим алуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн. Университетибизде дистанттык билим берүү системасынын материалдык-техникалык базасы өнүктүрүлүүдө жана кээ бир программалар боюнча сабактар ушул ыкма менен (http://eders.manas.edu.kg/) интерактивдүү түрдө өтүлүүдө. Мындан сырткары окуу жайыбыздын Окумуштуулар кеңешинин 2013-жылдын 5-мартындагы 2013-02.023 жана 2013-02.024 номерлүү чечимдери менен "Менеджмент", "Кредит жана банк иши", "Коомчулук менен байланыш жана реклама", "Журналистика" бөлүмдөрүнүн бакалаврдык деңгээлде, Менеджмент илимий багыты боюнча магистратура деңгээлинде дистанттык билим берүү программаларын ачуу боюнча чечим кабыл алды.

Студенттерибизге бир программадан башка бир программага өтүүдө ийкемдүүлүк сакталып, кош жана кошумча адистик алуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн. Ушуну менен катар башка окуу жайлар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде студенттер жана окутуучулар менен алмашуу программаларындан пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү берилген. Мындан сытркары студенттерибизге багыт жана кеңеш берүү кызматтарынан сырткары жеке инсандык өнүгүү, карьераны пландоо, өлкө ичинде жана башка мамлекеттерде стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүктөрү берилген. Акыркы үч жылда 1500дөн ашуун студент чет мамлекеттерде өндүрүштүк практикадан өтүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланышты. Ушуга байланыштуу Болонья процессинин маанилүү принциптеринин бирөөсү болгон *Студент жана окутуучуларды*

*алмашуу процесси* окуу жайыбызда Мевлана программасынын алкагында үстүбүздөгү окуу жылынан тартып, жигердүү түрдө ишке ашырыла баштады жана ушул окуу жылында 53 студент жана 10 окутуучу алмашуу программаларынын алкагында көпчүлүгү Түркия Республикасынын университеттеринде жана башка өлкөлөрдө болуп кайтышты. Мевлана программасынан сырткары да окуу жайыбыз башка эл аралык алмашуу программаларында активдүү түрдө орун ала баштады. Маселен, 2015-2016-окуу жылында 4 окутуучубуз DAAD программасынын алкагында Германияга, 9 студентибиз АКШнын Миннесота университетине, Япониянын Ивата университетине жана Жакыңкы чыгыш техникалык университетине “ERASMUS PLUS” алмашуу программалары аркылуу барып келишти.

Академиялык сапатты эл аралык стандарттарга жеткирүү максатында бардык окуу программаларында “Болонья процессине” шайкеш ECTS кредиттери эсептелип, бүтүрүүчүлөрүбүзгө 2015-2016-жылдан тартып “Дипломго англисче тиркеме” (Diploma Supplement) менен катар кыргыз, түрк жана орус тилдеринде да бериле баштады. Бул саамалык, учурда дүйнөнүн 32 мамлекетинде иштеп жаткан бүтрүүчүлөрүбүздүн мындан аркы эмгек рыногунда атаандашчыл потенциалын арттыруусуна салымын кошот. Академиялык баалоо жана сапатты жогорулатуу кеңеши, Болонья координациялык комиссиялары түзүлүп, окуу жайдын Ички баалоо жана көзөмөлдөө тобу уюштурулуп, ишмердүүлүктөрүн улантууда.

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН жана АКАДЕМИЯЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮНҮН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ

Окуу жайыбыз, билим берүүдө бир марка болуу максатын ишке ашыруу жолунда зарыл болгон тармактарда ачкан жаңы академиялык бөлүмдөр менен ишмердүүлүгүн улантууда. Бул максатта университеттин бардык академиялык бөлүмдөрүндө окуу программаларын иштеп чыгуу жана кайрадан карап чыгуу иш-чаралары аткарылып, студенттин жеке инсандык өзгөчөлүгүнө таянган жана өмүр бою үйрөнүү түшүнүгү менен билим алууда соңку технологиянын мүмкүнчүлүктөрү эффективдүү түрдө колдонулууда. Бир тараптан университетибиздин интернационалдашуусу жана академиялык сапатын жогорулатуу боюнча Кыргызстандан сырткары түрк тилдүү жана башка мамлекеттерден жогорку квалификациялуу профессордук-окутуучулук курамды тартууга көңүл бурулду. Ушуну менен катар университеттин Камкорчулар кеңешинин тийиштүү чечиминин негизинде чет мамлекеттерден дүйнөлүк масштабдагы окуу жайлардын профессордук-окутуучулук курамында үзүрлүү эмгектенип жаткан кыргыз жарандарын университетке тартуу боюнча иш-аракеттер көрүлө баштады.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети – сапаттуу билим берүү, кызыкдар тараптардын жана кызматкерлердин канааттангандыгын арттыруу үчүн Академиялык сапатты өнүктүрүү системасынын принциптеринин алкагында иш-аракеттерин улантмакчы. Университет менен жеке же уюмдук мамиледе турган студенттин бардык мүдөө-талаптарына жогорку деңгээлде жооп берүү “сапат” сапарында бир жыйынтыктоочу чекит болуп саналат.

Ушул багытта бардык академиялык бөлүмдөрдүн катышуусу менен университетибизде академиялык сапаттын өнүктүрүлүшү үчүн комиссиялар түзүлүп, «Академиялык сапаттын» алкагында бардык параметрлер эске алынып, көптөгөн иш-аракеттер аткарылды жана алардын жыйынтыктары 2013-жылдын 2-февралында өткөрүлгөн семинарда академиялык бөлүмдөрдүн катышуусунда талкууланып, окуу жайыбыздын сапатты арттыруу боюнча стратегиялар аныкталды.


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

Университетибизде сапатты арттыруу процесстерин ишке ашырууда студенттердин, окутуучулардын жана административдик кызматкерлердин канааттангандыктарын өлчөө боюнча сурамжылоо иш-аракеттери регулярдуу түрдө 2010-жылдан бери өткөрүлүп келет. Айрыкча Академиялык сапатты жогорулатуу жана баалоо боюнча кеңештин негизги тобу, Ички баалоо жана көзөмөлдөө тобу тарабынан SWOT анализдери жана баалоолор жүргүзүлүп, окуу жайыбыздын сапаптынын арттырылышына үзгүлтүксүз салым кошулууда. Мындан сырткары университетте академиялык жана административдик кызматкерлер үчүн натыйжалуулукту (эффективдүүлүктү) баалоо критерийлерин камтыган бланктар электрондук форматта түзүлүп, жыл сайын бул бланктар толтурулуп, бааланат.

Сапатты арттыруу процесси университетибиз үчүн өтө маанилүү иш-чара экендиги эске алуу менен окуу жайыбыздын жалпы академиялык кызматкерлери жана жетекчилери дайыма өнүгүү ишеними менен окуу жайдын концепциясына ылайык дайыма алга гана ишеничтүү түрдө умтулуп келет.

Университеттин сапатты камсыздоо боюнча ишмердүүлүктү өнүктүрүп жаткандыгынын көрсөткүчү катары 2015-2016-жылкы бүтүрүүчүлөрдүн кайсы өлкөлөрдө канчалык деңгээлде жумуш менен камсыз болгонун көрсөтө алабыз. Мисалы, КТМУ Бүтүрүүчүлөрүнүн Биримдигинин акыркы 5 ай ичинде бүтүргөн жаштарыбыздын жумуш менен камсыз болушунун көрсөткүчү төмөндөгү таблицада берилди:



## КТМУнин 2015-2016-жылкы бүтүрүүчүлөрүнүн кесиби боюнча бөлүнүшү




## 2015-2016- жылкы бүтүрүүчүлөрүбүздүн өлкөлөргө карата бөлүнүшү

| ӨЛКӨЛӨР / ÜLKELER | | САНЫ / SAYI | ПАЙЫЗЫ / YÜZDE |
|---|---|---|---|
| КЫРГЫЗСТАН | KIRGIZİSTAN | 415 | 73,06 |
| ТҮРКИЯ | TÜRKİYE | 85 | 14,96 |
| РОССИЯ | RUSYA | 28 | 4,93 |
| КАЗАКСТАН | KAZAKİSTAN | 11 | 1,94 |
| БИРИККЕН АРАБ ЭМИРЛИКТЕРИ | B.A.E. | 7 | 1,23 |
| АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ | A.B.D. | 4 | 0,70 |
| ГЕРМАНИЯ | ALMANYA | 4 | 0,70 |
| КЫТАЙ | ÇİN | 3 | 0,53 |
| ТҮНДҮК КИПР | K.K.T.C. | 3 | 0,53 |
| ТҮШТҮК КОРЕЯ | GÜNEY KORE | 2 | 0,35 |
| КАТАР МАМЛЕКЕТИ | KATAR | 2 | 0,35 |
| КУВЕЙТ | KUVEYT | 1 | 0,18 |
| АВСТРИЯ | AVUSTRİYA | 1 | 0,18 |
| ФРАНЦИЯ | FRANSA | 1 | 0,18 |
| МАКЕДОНИЯ | MAKEDONYA | 1 | 0,18 |
| ЖАЛПЫ САНЫ / GENEL TOPLAM: | | 568 | 100,00 |

2015-2016-жылкы бүтүрүүчүлөрүбүз дүйнөнүн
15 мамлекетинде эмгектенүүдө.

Жогоруда таблицаларда берилгендей 41,75% өздөрүнүн кесиби менен, 15,05% өздөрүнүн кесибине жакын башка тармакта, 25,15% магистратурада билимдерин улантса, 18,05% үй бүлө куруу, жумуш издөө менен алек же болбосо аскердик милдетин аткарууда.

Университеттин сапатын жогорулатуунун алкагында учурда академиялык түзүмдөрдү кайрадан уюштуруп чыгуу. Бул иш аракеттер учурда Ректорлук жана академиялык бөлүмдөр тарабынан баалоого алынып, 2016-2017-окуу жылынан тартып жыйынтыкталышы пландаштырылууда.

## ОКУТУУЧУЛАРДЫН КВАЛИФИКАЦИЯЛАРЫН ЖОГОРУЛАТУУ

Окуу жайыбыз мутаж болгон тармактарда жогорку кваликициялуу окутуучуларды даярдоо жана туруктуу академиялык кадрлардан турган жамаатты түзүү максатында окуу жайдын ичинде жана сыртында магисратура/PhD программалары боюнча билим берүүгө өтө маани берилип келет. Ушул максатта муктаж болгон тармактарда окуу жайыбыздын институттарында магистратура/ PhD жаңы окуу программалары ачылууда. Ошону менен катар Түркиянын жана башка мамлекеттердин эң алдыңкы университеттери менен кызматташтыктар түзүлүп, окуу жайыбыздын жогорку кваликициялуу окутуучуларга болгон муктаждыгын жоюу багытында 2012-жылдан тартып жүзөгө ашырылыш, Жогорку квалификациялуу окутуучуарды даярдоо программасы боюнча жаңы инструкция иштелип чыккан.

## ИЛИМИЙ ИШ-ЧАРАЛАРДЫ жана ДОЛБООРЛОРДУ ИШТЕП ЧЫГУУ

Бул багытта факультет жана жогорку мектептердин кенже илимий кызматкерлерге болгон суроо-талаптары каралып, алгачкы этапта 18 кенже илимий кызматкер алына тургандыгы тууралуу жарыя кылынып, жыйынтыгында бардык суроо-талаптарга жооп берген 7 кенже илимий кызматкери алынган. Алдыдагы жылдарда да бул процесс улантыла бермекчи.

Университетибиз Кыргызстанда жана түрк дүйнөсүндө үлгүлүү жана эл аралык аренада мартабалуу университеттердин катарында болуусу үчүн улуттук жана эл аралык деңгээлде илимий иш-аракеттеринин өркүндөтүлүшүнө багытталган ага окутуучу, доцент, профессор наамын берүү жана дайындоо инструкциясы менен Академиялык иш-чараларды колдоо инструкциясы жаңыдан каралып, жогорку сапаттагы илимий басылмалардын жарыланышына түрткү берилип, ар түрдүү колдоо көрсөтүлүүдө жана окуу жайыбызда көп дисциплиндүү же болбосо тематикалык улуттук жана эл аралык деңгээлде илимий жыйындар өткөрүлүүдө.

Айрыкча индекстүү журналдарда макалалардын санын арттыруу үчүн жогорку квалификациялуу окутуучуларды тартуу иш-аракеттерине өтө маани берилип, бул жааттагы макала жана публикациялар материалдык жактан колдоого алынып келет. Ушуга байланыштуу окуу жайыбыздын индекстүү журналдардагы макалалардын саны: 2014-2015-окуу жылында – **68** болсо, 2015-2016-окуу жылында – **72** жарыяланды. Окуу жайыбыздын социалдык-маданий жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүүгө салым кошуусу үчүн магистратура/докторантурада берилген диссертациялык темалар өтө кылдаттык менен тандала баштады.

Эки өлкөнүн премьер-министрлеринин орток мүдөөсү менен курула турган окуу жайыбыздын Технопаркы региондо үлгүлүү болушу үчүн Түркия жана башка мамлекеттердин тажрыйбаларынан пайдалануу менен даярдалган иш-чаралардын планы, Камкорчулар кеңеши


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

тарабынан бекитилди жана бул жаатта Технопарктын алгачкы этабын түзгөн Технологиялык борборубуз, 2011-жылдын аягынан тартып кызмат көрсөтө баштады. Технопарктын түзүлүшү үчүн нормативдик-укуктук базасын даярдоо максатында Ректорлугубуз тарабынан Кыргыз Республикасында Технопарктардын ишмердүүлүгү боюнча мыйзам долбоору иштелип, КР Жогорку Кеңешинин кароосуна сунушталды.

Бир тараптан академиялык жана башкаруу потенциалыбыз эң жогорку деңгээлге көтөрүлүп, Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана социалдык-маданий өнүгүүсүнө салым кошо тургандай университет, мамлекеттик жана жеке сектор болуп, өз ара кызматташтыктар аркылуу долбоорлордун иштелип чыгышы үчүн атайын жумушчу тобу түзүлүп, Кыргызстандагы билим берүү, маданий-социалдык, экономикалык абалды аныктоо максатында иш-чаралар башталган. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясы тарабынан даярдалган 2011-2017-жылдарга карата туруктуу өнүгүүнүн Стратегиялык планындагы 27 маселенин ичинен университет тарабынан төмөндөгүлөр аныкталды:

1. Микрокаржылоонун базасынын өнүктүрүлүшү жана кредиттердин үстөк пайыздарынын төмөндөтүлүшү боюнча сунуштардын иштелип чыгышы;
2. Үчурдагы финансылык (бюджет-салык) анализ жана Кыргызстандын Бирдиктүү Экономикалык Аймагына кирүүсү үчүн тийиштүү бюджеттик параметрлердин даярдалышы;
3. Кыргызстандын саламаттык сактоо системасына экономикалык талдоо;
4. Кыргызстанда жарандык идентүүлүк тармагындагы көйгөйлөрдү социалдык аспект аркылуу изилдениши;
5. Кыргызстанда учурдагы диний абал жана диний агартууга талдоо жүргүзүү сыяктуу долбоорлор ишке ашырылды.

Жогоруда айтылган долбоорлор университеттин профессордук-окутуучулук курамы тарабынан тийиштүү бөлүмдөрдө жыйынтыкталып, Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясына тапшырылган жана алардын натыйжалары жана сунуштары Кыргыз Өкмөтүнүн ички саясый жана институционалдык реформалардын иштелип чыгышында жигердүү колдонулууда.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кодоого алынган башка да илимий долбоорлор университетибизде ишке ашырылууда:

- "Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн котур, монилиоз жана күйүк илдеттерине каршы биофунгициддик жана антибактериалдык биопрепараттардын жаңы формуласын иштеп чыгуу",
- "Фосфорорганикалык кошулмалар менен булганган талааларды топурак микроорганизмлеринин жардамы менен биоремедиациялоо",
- "Сактоо учурунда жашылча өсүмдүктөрүнүн чирик илдеттерине каршы биофунгицид жана биопестицид дарыларын иштеп чыгуу",
- "Биологиялык активдүү жездин жана күмүштүн нанобөлүкчөлөрүнүн синтези жана алардын касиеттерин изилдөө",
- Өсүмдүктөрдүн карантидик илдеттерин аныктоо,


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

- «Электроизоляциялык суюктуктарды ажыратуу процессин физика-химиялык моделдештирүү жана хлорду кармаган заттардын концентрациясын газ фазасында азайтуу».

Жогоруда айтылган айыл чарба секторундагы долбоорлордун натыйжаларында жергиликтүү топурактан микроорганизмдер өндүрүлүп, топуракты булгаган химиялык заттардан арылткан жергиликтүү дарылардын даярдалышына, жергиликтүү микроорганизмдерден өндүрүлгөн биологиялык дарылар импорттук дарылардан арзаныраак болуп, акча-каражатты үнөмдөйт жана булардын өлкөнүн экономикасына кошо турган салымы абдан зор.

## ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР, КЫЗМАТТАШТЫКТАР ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ДЕҢГЭЭЛГЕ ЧЫГУУ

Окуу жайыбыз, ааламдашкан дүйнөдө күчтүү жана конкуренцияга жөндөмдүү уюмдук түзүмгө жетишүү үчүн региондо жана дүйнөдө эң алдыңкы билим берүү мекемелери жана уюмдары менен эл аралык байланыштар түзүлүп, алар менен болгон кызматташтыктар өнүктүрлүүдө. Бул максатта Түркиядан 18 университет, мекеме жана мамлекеттик эмес уюмдар менен ал эми Түркиядан сырткары 16 жогорку билим берүү мекемелери менен кызматташтык тууралуу протоколдорго кол коюлуп, студент жана окутуучулар менен алмашуу, студент жана окутуучулар тарабынан стажировкадан өтүү сыяктуу жана биргелешкен илимий, социалдык жана маданий иш-аракеттерди камтыган орток долбоорлордун иштеп чыгууга багытталган иш-аракеттер эффективдүү түрдө баштатылды.

2015-2016-окуу жылында университеттин эл аралык деңгээлге чыгуу жараянын алкагында 2 маанилүү кадам жасалды. Биринчиден, 2016-жылдын 12-апрель күнү Түркиянын Ататүрк университетинде өткөрүлгөн Түрк кеңешине карашуту Түрк дүйнөсү университеттер биримдигинин экинчи жалпы жыйынында төрагалык милдети Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору проф., докт. Себахаттин Балжыга өткөрүлүп берилди. Экинчиден, Борбордук Азияда илимий, экономикалык, социалдык-маданий кызматташтыктарга ири роль ойной турган, региондогу мамлекеттердин ортосунда мамилелердин бекемдешине салым кошо турган, аймактагы элдердин жана улуттардын ортосунда жакындашууну чыңдайт деген ишенич менен 2016-жылдын 29-апрель күнү Кыргызстандын борбор шаары Бишкекте дүйнөнүн 9 өлкөсүндө жайгашкан 53 жогорку окуу жайынын башын бириктирген Борбордук Азия университеттеринин ассоциациясы түзүлгөн. Борбордук Азия университеттеринин ассоциациясы жогорку окуу жайлардын, университеттердин жана булар менен байланышта болгон мекеме жана уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө, интернационалдашууну колдоо, окутуучулар менен студенттердин мобилдүүлүгүн камсыз кылуу, орток диплом берүү иш-чараларын жүзөгө ашыруу, окуу программаларын иштеп чыгуу жана кредиттик которуу системаларынын үстүндө биргеликти сактоо, сапатты камсыз кылуу системасын өнүктүрүү жана аккредитациялык иш-чаралардын үстүндө чогуу иштөө, мүчө болгон университеттердин күчтүү тармактарын эске алуу менен региондук өнүгүүгө салым кошо турган долбоорлорду иштеп чыгуу максатында бул ассоциация түзүлдү.

Университетибиздин интернационалдашуусун жана түзүлгөн кызматташтыктарды мындан да эффективдүү жана натыйжалуу түрдө ишке ашыруу максатында ар түрдүү улуттан студенттер кабыл алынууда жана окутуучулардын кызматка алынышына өтө зор маани берилип келет. Мына ушундайча студент жана окутуучулардын ар түрдүү мамлекеттерден


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

келишин камсыздоо менен бүтүрүүчүлөрүбүздүн орток же/жана кош диплом менен аяктоолору, бирден көп дүйнөнүн негизги тилдерин билип, эл аралык же көп түрдүү маданий чөйрөдө кызматка алынуулары көздөлүүдө. Айрыкча Түркияда 2013-2014-окуу жылында ишке ашырыла баштаган Мевлана программасынын алкагында Түркиянын 60га жакын университети менен келишим түзүлүп, студент жана окутуучулар менен алмашуу процесси башталды.

## 6. КОРУТУНДУ жана СУНУШТАР

Бир туугандыктын долбоору болгон университетибиз жалгыз гана Кыргызстан менен Түркиядан эмес, башка түрк тилдүү мамлекеттерден, боордош жана чет мамлекеттерден келген жаштардын жана окутуучулардын башын бириктирип, орток маданий баалуулуктардын айланасында жуурулушуп, жогорку квалификациялуу бүтүрүүчүлөрдү даярдоо, тынчтыкта жана биримдикте жашоо маданиятына үйрөтүп, өлкөлөрүнүн жана Түрк дүйнөсүнүн өнүгүшүнө салым кошууларына өбөлгө болуу максат кылынган. Ушуга байланыштуу 2023-жылдын аягына чейин аткара турган иш-чараларыбыз менен окуу жайыбызды «билим берүүдө эл аралык марка», «өзүнө тартып турган мекеме», «коомчулук жана иш чөйрөсү үчүн чыныгы баалуулук», «интернационалдашууда үлгүлүү жогорку окуу жайы», «Түрк Дүйнөсүнүн биримдүүлүгүндө жана өнүгүшүндө таасирдүү күч» жана «дүйнөлүк илимге салым кошууда мартабалуу университет» болуу максаттарын көздөөдөбүз. Университетибиз 2014-2015-окуу жылында да жергиликтүү жана эл аралык модулдарга ээ болуп, Орто Азиянын жаркыраган жылдызы болуп кала берди.

Жогоруда сунушталган 2015-2016-окуу жылындагы Академиялык иш-чаралардын отчётунда деталдуу түрдө көрсөтүлгөндөй, бул окуу жылында да сапатты жогорулатууга арналган иш-чараларга абдан чоң маани берилди жана бул багытта сапаттын фундаментин түзгөн инфраструктура жана материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүдө албан албан ийгиликтерге жетишилди, мурунку лабораторияларды модернизациялоо менен бирге 61 жаңы лаборатория, практикалык сабактар өткөрүлүүчү устакана ж.б.у.с. жайлар кызматка берилди. Буга кошумча университетибиздин маалымат-компьютердик технологиялык системасы менен бөлүмдөрү заманбап, өнүккөн өлкөлөрдүн стандарттарына ылайыкташтырылып аптанын 7 күнүндө, 24 саат бою (7/24) маалыматка оңой жетүү мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн.

2015-2016-окуу жылында "Мевлана программасынын" алкагында окутуучу жана студент алмашуу иш-аракеттерин тездетүү, кеңейтүү иш-аракеттерине жана бардык окутуу программаларындагы милдеттүү сабактарды жана алардын мазмунун турукташтырууга негиз боло турган университеттин алгачкы Акдемиялык каталогу басылды жана жаңы окуу-тарбиялык программалары боюнча 2014-2015-жылдан тартып билим бериле баштады.

Университет, "жалпы сапат" түшүнүгүн бийик тутуп, адамдын жеке өзгөчөлүгүнө багытталуу, айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылуу жана социалдык жоопкерчиликти сезүү менен кызмат кылууга негизделген. Эл аралык аренада таанылып, кадыр-барктуу окуу жайга айланган, ички жана сырткы өнөктөштөрү менен дайыма мониторингден өтүп, бааланып, жакшыртылып турган бейпилдик өкүм сүргөн шарттарда:

- Илимий-социалдык тармактарда өндүрүмдүү,
- Атаандашчыл,
- Туруктук,


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

- Отчеттуулук,
- Улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктарга ээ болгон жаштарды тарбиялап өстүргөн окуу жай болуу.

Бул багытта мурдагы жылдар аралыгында топтогон тажрыйбалардан пайдаланып, университетти мындан да бийик даражага жеткирүү, окуу-тарбия, башкаруу, бизнес, иш жана өндүрүш тармагында сапатты жакшыртуу максаты менен быйыл 20 жылдык маарекесин белгилеп жаткан университетибиз 2015-жылды 2014-жылдын 25-ноябрындагы Окумуштуулар кеңешинин 22-жыйынын 2014-22.107 номерлүү чечими менен “САПАТ ЖЫЛЫ” деп жарыяланган.

Университетте сапатты жакшыртуу боюнча иш-чаралар стабилдүү түрдө жүргүзүлүп, системалуу түрдө баалоо иштери, Ректорлук баш болуп бардык бөлүмдөр тарабынан тунуктук принцибине таянуу менен ишке ашырылууда. Университет сапат багытында каттоодон өтүү иш-чараларын баштаган. Бул алкакта TS-EN-ISO 9001: 2008 “Сапатты башкаруу” сертификатына ээ болуу үчүн илимий семинарларды уюштуруу менен ийгиликтүү аяктаган 35 академиялык жана административдик кызматкер сертификатка ээ болгон.Жүргүзүлүп жаткан сапатты жакшыртуу иш-чараларынын негизинде Түрк стандарттары институту тарабынан университет тарабынан өндүрүлгөн товар жана көрсөтүлгөн кызмат эл аралык стандарттарга шайкеш деп табылып, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин TS-EN-ISO 9001:2008 талаптарына жооп берген САПАТТЫ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНА ээ экендиги тууралуу 2015-жылдын 12-мартында чечим чыгарылды.

Кыргыз-Түрк “Манас” университети ISO 9001 сертификаты менен товар өндүрүү жана кызмат көрсөтүүнү эл аралык деңгээлде кабыл алынган башкаруу ситемасына ылайык келген жана жүргүзүлгөн башкаруу түшүнүгүнөн улам пайда болгон жана ушундан улам мекеменин бардык тармагында жогорку сапаттагы кызмат көрсөтүү жана мыкты товар менен камсыз кылынат деген ишеним аныкталган.

Бардык кызматкерлер үчүн орнотулган бул системанын негизги принциптери төмөндөгүлөр:

- Студенттер менен катар эле өнөктөштөрдүн канаттануусу,
- Процесске негизделген иш-аракеттердибашкаруу,
- Системалуу түрдө байкоого алынган “ар дайым жакшыртуу” түшүнүгү,
- Булактарды натыйжалуу колдонуу.

Бул багытта Кыргыз-Түрк “Манас” университети сапатты жакшыртуу иш-чараларын жүргүзүүнү алкагында сапатты жогорулатуу кеңеши тийиштүү комиссиялар менен иш алпарууну улантууда. Муну менен катар эле, университетибиз сапатты жакшыруу кеңсесин куруу максатында иш жүргүзө баштады. Кеңсени куруу менен бирге эле сапаттуу адистерге болгон муктаждык маселесин чечүү менен чекит коюу зарылчылыгы турат.

Окуу-тарбиялык жана илимий изилдөөнүн сапатын жогорулатуу боюнча иш-аракеттерде университетте окутулган бардык окуу программалары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү боюнча кеңешинин стандарттарына жана Болонья процессине ылайык даярдалып университеттин 2015-2019-жылдарга карата Академиялык Каталогунда орун алган. Бул Академиялык Каталогда орун алган окуу-тарбиялык программаларын жакшыртуу иш чаралары


*Бул документте колдонулган маалыматтарды Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин расмий уруксаты жок таркатууга болбойт*

2018-жылдан башталып, 2019-жылдын аягында окуу программаларын иштеп чыгуу жана жакшыртуу боюнча иш-чаралар соңуна чыгат. Бул иш-аракеттерден кийин университетибизде ишке ашырылып жаткан кесиптик орто, бакалаврдык жана магистратуралык окуу программалары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Улуттук аккредитациялык кеңеш тарабынан бааланып, 2020-жылга чейин сертификаттар алынган.

Мындан сырткары бөлүм/программа жана мекемеге аккредитация алуу үчүн иш-аракеттер башталып, алдыдагы 3 жылда бөлүм/программа жана мекемени аккредитациядан өткөрүү максаттардын бири болуп саналат.

Университеттин акыркы 5 жылында инновация, өзгөрүү, өнүгүү жана кеңейүү жолунда бейпилдик, ынтымак өкүм сүргөн шарттарда, биримдикте келечекке карай сапарын улантышында жана аймакта өрнөктүү жогорку билим берүү жайы болушунда Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасына, улуу элибизге, Камкорчулар кеңешинин төрагасына жана мүчөлөрүнө, окуу жайдын жамаатына жана өз салымын аябаган инсандарга чын дилибизден ыраазычылыгыбызды билдирип, кызмат кылуу жолунда эрктүүлүк менен чечкиндүүлүгүбүздөн кайтпай турганыбызды дагы бир ирет билдиребиз.

*Келечек колубузда!* *Gelecek Elimizde...*

www.manas.edu.kg